КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

28.08.2024 ж. № 113/XXXII – 5

**“Кайыңды шаарынын Ардактуу атуулу” Наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кайыңды шаарынын мэриясынын, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын тобунун «Кайыңды шаарынын күнүн» майрамдоого карата сунуштамаларын карап жана талкуулап, «Кайыңды шаарынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө Жобосун жетекчиликке алып, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1. Кайыңды шаарынын спортуна кошкон зор салымы, өсүп келе жаткан муундун руханий жактан өнүгүшүнө кошкон зор салымы жана активдүү коомдук ишмердиги үчүн **Джунушбаев Талантбек Ормонбековичке** “Кайыңды шаарынын Ардактуу атуулу” Наамы ыйгарылсын.

2. Кайыңды шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон зор салымы жана активдүү коомдук ишмердиги үчүн **Абдраимова Кулжан Идрисовнага** “Кайыңды шаарынын Ардактуу атуулу” Наамы ыйгарылсын.

3. Кайыңды шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон зор салымы жана активдүү коомдук кайрымдуулук иштери үчүн **Таалайбек кызы Жылдызга** «Кайыңды шаарынын Ардактуу атуулу» Наамы ыйгарылсын.

4. Кайыңды шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон зор салымы жана активдүү коомдук ишмердиги үчүн **Мусуралиев Нурдин Соотбековичке** «Кайыңды шаарынын Ардактуу атуулу» Наамы ыйгарылсын.

5. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй - Бишкек шаардык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т. Иманкулов**